**Изденүүчү Айшахан Мухаматкуловна Абдиева айымдын** 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасынын алуу үчүн коргоого сунушталган **“Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы)”** деген темадагы диссертациясына (Бишкек, 2025) Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору Тынчтыкбек Кадырмамбетович Чоротегиндин (Чороевдин)

## РАСМИЙ ОППОНЕНТ КАТАРЫ ПИКИРИ

**1. Корголуп жаткан диссертациялык иш – өтө ургаалдуу,** анткени заманбап кыргыз этнография, этнология жана антропология илимий тармактарында буга чейин фитонимдерди (грекче: phytonim – «өсүмдүк», onyma – «аталыш») жана өсүмдүктөргө байлныштуу этнографиялык маалыматарды салыштырып изилдеген диссертациялык эмгектер дээрлик жокко эсе болчу.

Кыргыз улуту өзүнүн байыртадан берки этностук тарыхында өзү байырлаган ар кыл тарыхый чолкомдөрдө жана ар кыл коомдук, диний-маданий жана чарбалык кыртыштарда айлана-чөйрөдөгү кубулуштарга карата коомдук тажрыйбалык бай маалыматтарга негизденип өз билимдерин өркүндөтүп келген. Кыргыздар жаратылышка жана өсүмдүк дүйнөсүнө өтө аярдык менен мамиле жасап, кылдат байкоо жүргүзүп, өзгөчө бай, көп кырдуу салттуу билим топтоого жана күнүмдүк турмушунда ийкемдүү колдонууга жетишкен.

Кыргыз улуту эмпирикалык билим топтоо аркылуу өсүмдүктөрдүн табигый шартта колдонулушу, дарылык касиеттери, тиричиликтеги мааниси, пайдасы жаатында өз алдынча түшүнүктөр системасын жараткан.

Атайын диссертациялык эмгектин кыргыздардын заттык жана заттык эмес маданияты ширелишкен дал ушул олуттуу кыртышты – өсүмдүктөргө

ОК: Тинбулатова А. Р.



ДС 07.23.674
Вх. № 2025/17 от 28.04.25
Уч. секр.

карата этнографиялык маалыматтардын топтомун – иликтөөгө арналгандыгы толук кубаттоого арзыйт.

Диссертант калыс белгилегендей, дүйнолөшүү шартындагы турмуштун азыркы тез ыргагы, улам жаңы илимий багыттагы технологиялардын күндөлүк турмушка зор таасиринин андан аркы өсүшү кыргыз жана башка элдерде өсүмдүктөр дүйнөсүнүн турмуштагы орду тууралуу салттуу билимдердин тез унутулушуна кириптер кылууда.

Салттуу билимдер кыргыз элинин дүйнө таануусунда, философиялык ой жүгүртүүсүндө, жашоо тиричилигинде, мал чарбачылыгында, маданиятында, өтө чоң мааниге ээ болгонун диссертант мыкты баамдаган. Кыргыз элинин кылымдардан бери келе жаткан салттуу билимдери бай тажрыйбанын негизинде топтолгондуктан жаратылыштын шартына шайкеш келиши менен айырмаланган, деп изденүүчү туура белгилейт.

**2. Диссертациянын илимий натыйжалуулугунун деңгээли**

Изденүүчү А.М.Абдиеванын диссертациялык ишинин жыйынтыгы – анын көп жылдык этнологиялык жана этномаданий изилдөөлөрүнүн, анын ичинде талаа изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы болуп саналат. Ал XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн түштүк чөлкөмүндө байырлаган (негизинен ичкилик тобуна кирген) кыргыздардын өздөрүн курчап турган айлана-чөйрөдөгү өсүмдүктөрдү таанып билүүсүнүн жана аларды күндөлүк турмушта пайдалануусунун өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу жана кылдат изилдеген. Диссертация логикалык жактан туура түзүлүп, өз алдынча топтолгон кеңири жана бай этнографиялык маалыматка негизделген.

Орусиялык падышалык оторчулук доорундагы тарыхый жана этнографиялык булактардын топтому, советтик жана постсоветтик мезгилдердеги темага таандык материалдар диссертант тарабынан жетиштүү деңгээлде талданып каралган.

Диссертациянын изилдөө объекти – XIX к. аягы – XX к. башындагы Фергана өрөөнүнүн түштүк аймагында байырлаган кыргыздардын өсүмдүктөр дүйнөсүн таанып-билүүсү жана аларды өз турмушунда колдонуусу. Изилдөөнүн предмети – XIX к. аягы – XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк чөлкөмүндө байырлаган кыргыздардын салттуу маданиятынын түзүмүндөгү өсүмдүктөр дүйнөсүн таанып билүүсү, аларды өздөрүнүн күндөлүк турмушунда, жашоо-тиричилигинде пайдалануусунун салттуу ыкмалары, өсүмдүктөр дүйнөсүнөн алынуучу материалдардан жасалчу эмгек шаймандары, үй-тиричилик буюмдары, боёктор, дары-дармек, сулуулук каражаттары, ж.б.

Маселенин тарыхнаамасына кылчайсак, диссертацияда XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы илимий эмгектер каралып, мыкты талдоо (анализ) берилген. Андан тышкары заманбап изилдөөчүлөрдүн маалыматтары эске алынган. Диссертациялык иште талаа этнографиялык материалдарынын арбын камтылышы илимий иштин салмагын дагы да күчөткөн.

Диссертация Кыргызстандагы этнография, этнология жана антропология илиминде XIX к. аягы – XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк ыптасындагы кыргыздардын өсүмдүктөрдү күндөлүк турмуш-тиричиликте пайдалануусун атайын өзүнчө изилдөөгө аракет жасаган алгачкы илимий эмгек катары өзгөчө баага ээ.

Изденүүчүнүн диссертациялык изилдөөсүнөн негизги илимий жацылыктар катары төмөндөгүдөй олуттуу жыйынтыктар чыгарылган:

**1-жыйынтык:** XIX к. аягы – XX к. башында Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздар өзүлөрүн курчап турган флораны өз мезгилине жараша ар тараптан жана терец андап билишкен; алар өсүмдүктөрдүн ар бирине өз алдынча ат берип, алардын физикалык, биологиялык сапаттарына жараша, күндөлүк жашоо-турмушунда кенен-кесири азык, шыпаазат, сулуулук каражаты, айлананы көрктөндүрүүнүн жандуу куралы катары урунуп келишкен.

**2-жыйынтык:** Кыргыздар күндөлүк турмушта кадыресе жаратылыш чөйрөсү менен айкалышып жашап, өзүнө таандык экологиялык маданиятын калыптандырган, кыргыз элинин этностук маданиятын, менталитетин жана табиятка карата бөлгон көз карашын, экологиялык түшүнүктөрүн аныктаган;

**3-жыйынтык:** Аталган чөлкөмдө жашаган кыргыздар негизинен мал чарбачылык жана дыйканчылык, ошондой эле кол өнөрчүлүк менен жан багып келишкендиктен, жергиликтүү табигий флора жана бакчачылык да алардын чарбалык-маданий тибинин (ЧМТ) өзгөчөлүгүнүн калыптанышына таасирин тийгизген;

**4-жыйынтык:** Андан сырткары, өсүмдүктөр дүйнөсү мал чарбачылыкта тоют катары гана пайдаланылып тим болбостон, алардын түзүмдөрү түрдүү багыттагы тиричилик каражаттары катары да пайдаланылып келген.

**5-жыйынтык:** Кыргыздар өздорүн курчап турган табигий флораны жана маданий өсүмдүктөрдү салттуу чарбачылыкта буюм, шайман, курал-жарак жана идиш-аяк катары пайдаланышы жана алардын жасалыш ыкмалары, турган орду салттуу түшүнүктөр менен коштолгон.

**6-жыйынтык:** Фергана өрөөнүнүн түштүк аймагын жердеген кыргыздар тамак-аш түрлөрүн даярдоодо жана аны колдонууда сүттөн, эттен жана дандан башка дагы ар түрдүү өсүмдүктөрдон алынган азыктарга кеңири орун берип келишкен. Табигый жаратылыштын бөлүгү болгон флорадан сырткары, алар бакчада колдо өндүрүшкөн өсүмдүктөрдү да күндөлүк тамак-аштарында арбын колдонушкан;

**7-жыйынтык:** XIX к. аягы – XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө байырлашкан кыргыздардын дыйканчылыкта өндүрүлгөн өсүмдүктөрдөн жасалган буюмдарды даярдоо ыкмалары кылым карыткан салттуу маданият үлгүсүнө айланган.

**8-жыйынтык:** Фергана өрөөнүнүн түштүк ыптасын жердеген кыргыздардын өсүмдүк түрлөрүн көп тарамдуу өндүрүштө, тактап айтканда,

тери жана жүн буюмдарын даярдоодо боёк катары пайдалануу, аны колдонуу усулу жана ыкмалары этномаданий өзгөчөлүктөргө ээ.

**9-жыйынтык:** Аталган чөлкөмдүн кыргыздары табигий жана техникалык өсүмдүктөрдү шыпаазат катары кеңири пайдаланууга жетишкен. Алар өсүмдүктөрдү сулуулук каражаты катары да колдонушкан.

**10-жыйынтык:** Аймакта өскөн, дүйнөдө сейрек кездешүүчү гүлдөр, дарактар өзүнүн табигий кооздугу менен жергиликтүү калктын рухий дүйнөсүнө таасир берип, эстетикалык табитин калыптандырган. Бул жыйынтыктар диссертациялык иште иликтенген маселелер боюнча чыгарылган негизги бүтүмдөрдү толугу менен камтыйт.

**3. Диссертациядагы келтирилген корутундулардын жана сунуштардын ишенимдүүлүгү**

Диссертациянын автору Кыргызстандын, Түркиянын жана Орусиянын тийешелүү илимий журналдарындагы илимий жарыялоолору аркылуу өз тыянактарынын маалыматын кеңири шардана кылган. Кандидаттык диссертациянын материалдарынын негизги жыйынтыктары эл аралык жана жана жумурияттык илимий жыйындардын материалдарында жана илимий журналдарда жарыяланган өз алдынча макалаларда чагылдырылган. Колдонулган илимий адабияттын жана булактардын тизмеси илимий иштин мазмунуна шайкеш келет. Илимий иштин практикалык мааниси биринчи кезекте тарых, маданият тарыхы боюнча өзөктүк эмгектерди жазууда колдонула турган далилдүү материалдарды берээри менен аныкталат. Изденүүчүнүн табылгалары маданиятты изилдөөчүлөрдүн, археологдордун, этнографтардын, тарыхчылардын, фитонимдерди изилдөөчүлөрдүн ар кыл изилдөө иштерине маанилүү көмөк көрсөтө алат.

Изденүүчү берилген тема боюнча тарыхнаамалык алгылыктуу талдоо жүргүзгөн. Чынында да диссертациянын автору тарабынан изилденген олуттуу көйгөйлөр ата мекендик жана чет элдик тарых илиминде жетишерлик изилденген эместигин да баса белгилөө абзел.

Автор тарабынан жасалган негизги корутундулар жана жоболор кеңири тартуунун негизинде иштелип чыккан диссертациялык иш падышалык оторчулук доорундагы, советтик жана азыркы булактарды изилдөөнүн комплекси, тиешелүү музей материалдары, автор тарабынан жыйналган экспонаттардын түрлөрү тартылды, ошондой эле этнографиялык талаа материалдары кеңири колдонулду.

Изденүүчү Кадамжай, Баткен, Лейлек райондорундгы, ошондой эле, Кызыл-Кыя, Сүлүктү жана Раззаков (мурдагы Исфана) шаарларындагы калайыкты түрө кыдырып, оригиналдуу этнографиялык талаа маалыматтарын чогулткан. Натыйжада талаа материалдарынын талдоосу (анализи) илимде мурда белгисиз болгон айрым жагдайларды ачып берген. Диссертациялык иште ичкилик кыргыздардын изилденип жаткан мезгилдеги этномаданий мамилелеринин өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн.

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли** жөнүндө төмөнкүлөрдү айтууга болот: чыгарылган ар бир жыйынтыктын негиздүү болушу үчүн эмгекте зарыл аракеттер жасаган.

Диссертанттын илимий, жазма жана оозеки этнографиялык. фольклордук материалдарды колдонуусу анын аткарган илимий ишинин жыйынтыктарынын ишенимдүү жана негиздүү болушун камсыз кылган; илимий ишти аткарууда стационардык жана экспедициялык ыкмалардын жана заманбап илимий усулдардын колдонулушу, жыйналган маалыматтардын көп түрдүүлүгү аталган аймакта жашаган кыргыздардын салттуу коомундагы өсүмдүктөрдү пайдалануусуна берилген мүнөздөмөлөр менен корутундулардын ынанымдуулугун арттырган; изилдөөнүн сүрөт, видео, аудио, буюм ж.б. түрүндөгү булактарга таянуу менен жүргүзүлүшү – этнографтар үчүн өрнөктүү деңгээлди түзөт; иликтенип жаткан аймактагы кыргыздардын өсүмдүктөргө карата жасаган ырым-жырымдары, каада-салттары, бак-дарак, жыгачтардын касиеттери жөнүндөгү пикирлери жана

дүйнө таанымдары элдик оозеки чыгармалардын өрнөктөрү, дары чөптөр жөнүндөгү малыматтар, жандуу талаа материалдары менен тастыкталышы изденүүчүнүн сунуштаган жоромолдорунун негиздүүлүгүнө кепилдик кылат.

**Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын деңгээли**. Диссертациянын жаңычылдыгынын денгээлин эки өңүттөн кароого кароого болот. Биринчиси – теманын жергиликтүү этнография илиминде мурда дээрлик иштелбегендиги, демек, алгачкы жолу колго алынып жатышы. Изденүүчү биринчилерден болуп бул татаал жана коп убакытты талап кылган изилдөосүн соңуна чыгаруу менен кыргыз этнологиясында өз чыйырына ээ болду. Ошондой эле, жаны маалыматтарды ачуу жана жаңы ой корутундулар чыгаруу менен диссертант этнография жана этнология илимий тармактарына зор салым кошту.

**5. Алынган натыйжалардын ички биримдигин баалоо**

Диссертациялык иштин илимий-теориялык жыйынтыктары кыргыз элинин салттык маданияты менен дүйнө таанымынын өнүгүү жүрүмдөрү жаатында таасын маалыматтарды берип, түшүнүктөрдү кеңейтет. Анын материалдары менен негизги жоболору тарых илиминде гана эмес, бир катар башка коомдук илимдерде, маселен, ономастика жана фольклор таануу тармагында да, айрым табигый илимдер тармагында да, ошондой эле орто жана жогорку кесиптик окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду даярдоодо кецири колдонулушу күтүлөт.

Бул изилдөө тарыхчыларга, этнографтарга, ономасттарга, фитонимисттерге, диалектологдорго, айрым коомдук илимдер тармактарындагы иликтөөчүлөргө жана көркөм өнөр менен эмгектенишкен кесип ээлерине да баалуу материал болуп бере алат. Анын жыйынтыктары кыргыз элинин этномаданиятын, колдонмо өнөрүн окутууда, этнография жана атайын курстарды студенттер үчүн окууга, ономастикалык

маалыматтарды иликтөөгө кызыккандарга, жалпы эле кецири билим алууга дилгир окуучуларга, жаштарга сунушталса болот. Бул эмгектин айрым жыйынтыктары жалпы эле коомчулукка, элдик дарылоо жана көркөмдөө ыкмаларын үйронгөндөргө, үй-бүлөлөргө керек болушу мүмкүн.

**6. Негизги басылмалардын жетиштүү толуктугун ырастоо жоболору, натыйжалары жана диссертациянын корутундусу**

Диссертациянын натыйжалары жана корутундулары 19 илимий жарыя аркылуу шардана кылынган; анын ичинде РИНЦ (Орусия илимий шилтеме көрсөткүчү) системасына кирген жана рецензияланган илимий журналдарда жарыяланган илимий макалалар да бар. Албетте, кыргызстандык жергиликтүү илимий шилтеме көрсөткүчү системасын өнүктүрө албай жткандыгыбыз үчүн изденүүчү айыптуу эмес.

**7. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши**

Авторефераттын мазмуну жана түзүмү диссертациянын түзүмүнө, жоболоруна жана корутундуларына дал келет. Авторефераттын кыскача мазмуну (аннотайия) түзүлгөн. Орус, кыргыз жана англис тилдеринде түзүлгөн резюмеси эмгектин мазмуну боюнча бирдей.

Автореферат Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарын эске алуу менен даярдалган.

**8. Айрым эске алынган сунуштар жана сакталып жаткан кемчиликтер жааты**

Айтмакчы, диссертант биздин бир катар олуттуу сын пикирлерибизди эске алып, аларды оңдоого жетишкендигин канааттануу менен белгилей алабыз. Маселен, адистик сунушубузда мындй деп жазган элек: “Мен авторго тиш калы боюнча прагматикалык (иштиктүү) сунуш бергим келет. Ошол кошулманы Кыргызпатентте заттык курамды ойлоп табуу ыкмасы катары

өзүңүздүн атыңыздан каттатсаңыз сонун болмок. Сиздин этнографиялык табылгаңыз автордук укуктук жактан тастыкталышы керек деп ойлоймун”. Бул сунушумду туура түшүнүп, изденүүчү тиш калы жаатындагы ыкмалар жөнүндөгү өз табылгасын Кыргызпатент мекемесине расмий каттоо үчүн сунуштады.

Андан тышкары диссертант ушул темага байланыштуу, бирок табигый илимдер тармагында жакталган заманбап диссертацияларды изилдөө турлуу сунушубузду да кабыл алып, натыйжада, маселен, Кенже Өмүрованын (Омурованын) диссертациясын колдонду (Караңыз: Омурова, К.О. Ички Тянь-Шандагы өскөн дары өсүмдүктөрдүн негизги түрлөрүнө ресурстук мүнөздөмө берүү (Нарын районунун мисалында) [Текст]: биол. илим. канд. ... дис.автореф.: 03.02.01. – Бишкек, 2022. – 25 б.).

Диссертант тарабынан талаа материалдары жыйналган айылдардын жана шаарлардын локалдык аймактарынын картасын аныктап, чийип тиркеме катары киргизилсе да жакшы болмок, деген сунушту да изденүүчү туура кабыл алган.

Биздин изденүүчү өзү чогулткан оригиналдуу мултимедиалык маалыматтарды флеш-карта аркылуу диссертацияга тиркөө тууралуу сунушубуз да изденүүчү А.Абдиева тарабынан эске алынган.

Арийне, биз талдоо жүргүзүп жаткан диссертацияда айрым өксүктөр дагы эле бар экенин айта кетүү абзел.

1. Фергана өрөөнүнүн Түштүк-Батыш тарабында кездешкен пайдалуу өсүмдүктөр жана аларды колдонуу ыкмалары менен Баткенден башка дубандардын маалыматтарын салыштыруу (Ысык-Көл, Нарын, Чүй, Талас, Жалал-Абат, Ош);

2. Фергана өрөөнүндө өскөн айрым өсүмдүктөрдүн дарычылык касиеттерине жана азык татымалы каары колдонулушуна көп басым жасалган эмес;

3. Фергана өрөөнүндөгү көп этностуу жергиликтүү калк колдонуп келген пайдалуу өсүмдүктөрдүн классификациясы түзүлгөн эмес (аларды коңшу Өзбекстан менен Тажикстандын маалыматтарына да салыштыруу абзел. Мисалы: Ходжиматов М. Дикорастущие лекарственные растения Таджикистана. – Душанбе: Таджикская советская энциклопедия, 1989. – 365 с.);

4. Изилдөөгө алынган кээ бир пайдалуу делген өсүмдүктөрдүн туура эмес колдонуунун айынан зыяндуу болушунун ыктымалдыгы жөнүндө ачыкталып жазылган эмес.

5. Диссертацияда өсүмдүктөр боюнча элдик оозеки чыгармачылыкта (дастандар, эпостордо, жомоктордо ж.б.) кездешкен маалыматтар көбүрөөк берилсе болмок. Адырашман, жалбыз, ж.б. жаатында арбын маалымат бар эмеспи;

6. Пайдалуу өсүмдүктөрдү колдонууда этноботаника жаатына басым жасалса жана чөлкөмдөгү башка элдердин тажрыйбасына шилтеме кылынса дурус болмок.

7. Терминди пайдаланууда Кыргызстандын эгемендиги да эске алынышы керек. Маселен, диссертациядагы тарыхнаамада “революцияга чейинки” деген сөз айкашы арбын колдонулат. Чындыгында бул сөз айкашты “падышалык оторчулук доорундагы” деген сөз айкашка алмаштыруу кажет, себеби биз азыркы Орусиянын ичинде эмеспиз жана падышалык Орусия Фергана өрөөнүн биротоло 1876-жылы гана караткан эмеспи.

8. Диссертант үчүн биз глоссарийди түзүүдө кыйла кеп-кеңеш бердик. Ошого карабастан, айрым чет тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдүн булагын тастыктоодо ошол чет тилдердеги фольклордук, фразеологиялык жана башка маалыматтарды мисал кылуу да эмгектин көркүн ача алмак.

Диссертант башка да сын пикирибизди эске алып, чет элдик адабияттарды да алгачкы долбооруна салыштырмалуу көбүрөөк камтый алды.

Албетте, бул жаатта да изденүүчү болочокто көп эмгектениши керек. Бир мисал келтирсек, айтылуу Абулкасым Фирдоуси Тусинин (940–1020) фарсыча жазылган “Шах-наме” чыгармасында “кокнар” (“*кӯкнор*”) термини (“апийим” жана “апийимдин гүлү”) дары зат катары гана эмес, кооз гүл катары да колдонулганы чагылдырылган: Фирдавсӣ А. Шоҳнома. Ҷ. 1–9. – Душанбе: “Адиб”, 1987–1991. – Т.4, 318-б.

“Ба наздики эшон яке маргзор,

Фаровон дар ӯ кӯкнору чанор” –

“Кооз жайык суналат алардын жанында,

Койкөлүп чынар менен апийим гүлүнө”.

Диссертант А.Абдиева өз тиркемесинде кызыктуу глоссарий берип, анда: “Коонари, көкнари (лат. papaver croceum / мак оранжевый / апийимдерден) – сары кызгылт апийим”, – деп жазат. Ошондой сөздүктүк таржымалдар “Манас” эпосуна, Махмуд Кашгари Барскани, Жусуп Баласагын, Фирдоуси, Навойи, Молдо Нияз, жана башкалардын эмгектерине, Жээнбай Мукамбаев ж.б. түзгөн айрым диалектологиялык создүктөргө, Реми Дор, Сулайман Кайыпов, Мамбеттурду Мамбетакун сыяктуу этнографтардын, тилчилердин жана кыргыз тануучулардын ичкилик кыргыздарыныв лексикалык кору жаатындагы илимий эмгектериндеги маалыматтарга шилтеме берүү менен коштолсо, эмгектин булактык ажары ого бетер ачылмак.

Жогоруда көрсотүлгон айрым өксүктөр диссертациялык иштин жалпы жогорку деңгээлине жана кадыр-баркына шек жаратпайт, анын теориялык жана практикалык жыйынтыктарына олуттуу кесепетин тийгизе албайт.

**9. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Улуттук Аттестациялык комиссиясынын талаптарына шайкештиги**

Изденүүчү Айшахан Мухаматкуловна Абдиева айымдын тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча

жазылган “Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана колдонуусу (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)” аталышындагы кандидаттык диссертациясы жогорку кесипкөйлүк деңгээлде аткарылган жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргыз Улуттук аттестация комиссиясынын квалификациялык талаптарына толук жооп берет.

Диссертациялык изилдөөнүн бөлүмдөрүнүн жана параграфтарынын мазмуну логикалык жактан туура жана ырааттуу коюлган. Диссертация заманбап концептуалдык ык-амалдардын негизинде аткарылган жана “Илимий даражаларды ыйгаруу эрежелеринин” талаптарына жооп берген, толугу менен бүткөн илимий иш деп эсептеймин. Сунушталган иштин мазмуну талаптанган паспортко толугу менен жооп берип, 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигине ылайык келет.

Айшахан Мухаматкуловна Абдиева айымдын диссертациясы заманбап илимий талаптарга дал келет, ал эми изденүүчү 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуга толук татыктуу деп санайбыз.

*Расмий оппонент*:
тарых илимдеринин доктору,
профессор: Т.К.Чоротегин (Чороев)

*Ж.Баласагын атындагы КУУнун Чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын профессору Т.К.Чороевдин (Чоротегиндин) койгон колун тастыктайм:*

К Б башчысы Н. Т. Курманова